7. Жаш муундардын базалык түшүнүктөрүнүн абалын аныктоо (статья) Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ЖАРЧЫСЫ 2013. – С. 236-240.



ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ
# ВЕСТНИК

КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО
УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

2013




**Выпуск 3** **ISBN 9967-21533X**

ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ
# ВЕСТНИК

КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО
УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

2013

*Выпуск 3*
*ISBN 9967-21533X*

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
заверяю

БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ПЕДАГОГИКА

Азыгалиева Б.К., Турганбаев Н.А. СПОСОБЫ ПЕРЕДАЧИ КЫРГЫЗСКИХ, НАЦИНАЛЬНО – СПЕЦИФИЧЕСКИХ РЕАЛИЙ НА ФРАНЦУЗСКИЙ ЯЗЫК (НА МАТЕРИАЛЕ ПЕРЕВОДА ЭЛЛЫ МАЙЯР “DES MONTS CÉLESTES AUX SABLES ROUGES”) ....................................150
Алгожоева Ж. КЫРГЫЗ ТИЛИН ЛИНГВО ӨЛКӨ ТААНУУ АСПЕКТИНДЕ ОКУТУУ ПРОБЛЕМАСЫ ..........................................................................................................153
Асанакунов Т.А. ОКУП-ҮЙРӨНҮҮНҮН МАКСАТТАРЫ ЖАНА КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ.........157
Асанбекова Н. А. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УЛУУ РУХИЙ ДӨӨЛӨТТӨРҮ – ЭТНОПЕДАГОКИКАНЫН НЕГИЗИ ..........................................................................161
Атабаева М.М., Ажыгулова Д.Б. ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ РУССКОМУ РЕЧЕВОМУ ЭТИКЕТУ НЕРУССКИХ СТУДЕНТОВ В АСПЕКТЕ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ КОММУНИКАЦИИ ..............................................................................................165
Ашрахманова С.К., Курамаева Н.Т., Калыкова Г.С. ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИНФОРМАТИВНО-ПОЗНАВАТЕЛЬНОГО МАТЕРИАЛА ДЛЯ ОБУЧЕНИЯ МОНОЛОГИЧЕСКОМУ ВЫСКАЗЫВАНИЮ ОБЩЕНАУЧНОГО СТИЛЯ .........................................................169
Байгутуева М. ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨДӨ ИНТЕРАКТИВДҮҮЛҮКТҮ КОЛДОНУУНУН ЫКМАЛАРЫ..........................................................................................................173
Бектурова К.А., Айталиева Ж. А. КРИТИЧЕСКОЕ МЫШЛЕНИЕ И ЕГО ФОРМИРОВАНИЕ В ВЫСШЕМ УЧЕБНОМ ЗАВЕДЕНИИ..................................................................176
Бектурова К.А., Айталиева Ж.А. ВИДЫ РАБОТЫ С ТЕКСТАМИ С ПРИМЕНЕНИЕМ КРИТИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ ....................................................................180
Буряченко Т. И., Буряченко Е. С. ТЕХНОЛОГИИ ИНТЕРАКТИВНОГО ОБУЧЕНИЯ РУССКОМУ ЯЗЫКУ. РАБОТА В ПАРАХ...........................................................184
Дөөлөтбакова Р.Ж. КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ..........................................................................................................187
Джаманкулова А. БӨТӨН ТИЛДҮҮ СТУДЕНТТЕРДИН КЕП ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДӨРДҮ ОКУТУУНУН МААНИСИ............191
Дуйшенбекова Г. СЛОВАРНАЯ РАБОТА НА ЗАНЯТИЯХ РУССКОГО ЯЗЫКА ОДИН ИЗ СПОСОБОВ ПОВЫШЕНИЯ ЯЗЫКОВОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ ...............................195
Дуйшенов Э. РУХ МАДАНИЯТЫНЫН ТҮПТӨЛҮШҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ!......................197
Дуйшенов Э. Д., Жакыпов К. К. ЖАШ МУУНДАРДЫН БАЗАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН АБАЛЫН АНЫКТОО............................................................199
Думанаева М.Г. ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДА ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙЛОРДУН КАМТЫЛЫШЫ ..........................................................................................................204
Жапаралиева Н. Ж. МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУДАГЫ КӨЙГӨЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР ЖАНА КЭЭ БИР ЫКМАЛАР ........................................................................................208
Жапаралиева Н. Ж. КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУНУН ИННОВАЦИЯЛЫК ЫКМАЛАРЫ .......................................................................................212
Иманалиева Т. И. О СТАТУСЕ СПП И СИСТЕМЕ ГРАММАТИЧЕСКИХ СРЕДСТВ СВЯЗИ МЕЖДУ ПРЕДИКАТИВНЫМИ ЧАСТЯМИ ЭТИХ ПРЕДЛОЖЕНИЙ В РУССКОМ И КИРГИЗСКОМ ЯЗЫКАХ .......................................................................................217
Исакова А. Т. ОСОБЕННОСТИ ОБУЧЕНИЕ РУССКИМ ФРАЗЕОЛОГИЗМАМ СТУДЕНТОВ НАЦИОНАЛЬНЫХ ГРУПП .......................................................................................222
Исакова А. Т. ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ РУССКОЙ ФРАЗЕОЛОГИИ СТУДЕНТОВ НА ЗАНЯТИЯХ ПО ПРАКТИЧЕСКОМУ КУРСУ РУССКОГО ЯЗЫКА ....................................226
Искакова Э.С. Ч.АЙТМАТОВДУН «ТООЛОР КУЛАГАНДА» РОМАНЫН ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА ИННОВАЦИЯЛЫК ОКУТУУ...........................................................230
Кемелова А. ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ ОРДУ ....................................................................................................................234
Кожоева С. Т. ФИЗИКА ИЛИМИН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ОКУТУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР...........................................................................................................238

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

гана анын Керемет сырларын окуп үйрөнүп турмушка пайдаланып ийгиликке жетишесинер (мисалы теле-радио, телефон байланыштары ж.б.) Талаа түшүнүгү да жогоркудай эле чындык экендигине акыл жүгүртүүчүлөрдү ынантып Кудиреттүү Автордун аты менен аталгандыгына - Алла Таала экендигине ынанасың. Бул эки түшүнүктү иликтөөдөн Кыргыз эли эң байыркы этнос экендиги, анын ушул күнгө чейинки жашоосунун улантуусу, Манастай болгон океанды муундан-муунга, оозмо-ооз айтылышы бул кашкайган чындык. Адамзаттын асыл нарк-насилин, үрп-адатын, дүйнө таанымынын анын башатында пайдувалында Ыймандуулук тургандыктан баалуулугу экендигин келечек муундарыбызга жеткизүү ыйыктан-ыйык парзыбыз экендигин түшүнүү учуру келди. Мына ушул ойго бир мисалды кыстарып кетели. Шаардык кичи бөбөктөрдөн нан кайдан чыгат деп сурасак алардын жообу-нан заводдон чыгат деп жооп берип андан мурунка иш амалдарын чагылта алышпайт, турмуштук тажрыйбасы жок дүйнө-таанымы калыптана элек муундарга балким кечиримдүүдүр. Ал эми биздин эле замандаштарыбыздан Сен кайдан пайда болгонсуң деп сурасаң мен ата-энемден жаралганмын деп кебелбей жооп берет. Жооптун окшоштугун карасаң нан заводдон пайда болот деген жооптун так өзү. Мындай жооп эч кимди канааттандырбайт, акыл жүгүртүүчү болбойлубу? Биздин ата-энебизге ошондой керемет мүмкүнчүлүктү берген, убакыт келгенде төрөлүп, мейкиндикке чыгып бул дүйнөдө өмүр сүрүп, акыл-эс жашоо мүмкүнчүлүгүнүн мыйзамдарын түзүп, элчилерин жиберип, Ыйык Китептердин түшүргөн Авторду тануу Ыймансыздыктын баалуулугунун жүрөккө орното албагандыктан алсыздыгы, билимсиздиги, текеберчилиги, дүйнө таанымынын бул дүйнө менен гана чектелиши адамзат коомунун этикалык-моралдык баалуулуктардан четтеп, кишичилик мамилелерге өтүшү [5].

**Адабияттар:**


1. Э.Дуйшенов. Реалдуулуктун, объективдүүлүктүн призмасы аркылуу Исламды кабыл алуу/ И.Арабаев атындагы КМУнин Жарчысы. Эл аралык илимий-практикалык конференция. - Б.: 2012, - 14 б.
2. Э.Мамбетакунов. Методология и качество педагогических исследований. - Б.: 2006.
3. Г.Жумабаева. Аң-сезимди өнүктүрүүдө диндин ролу/ Билим берүүнүн рухий-ыймандык дөөлөттөрү. Ыйык Ата Журт жаштар фонду. V илимий симпозиум. - Б.: 2013, - 160 б.
4. А.Исаев. Тарбия, дин, инсан / Ыйык Ата Журт жаштар фондусу. V илимий симпозиум. - Б.: 2013, - 179 б.
5. С.Жорубеков. Кыргыз ким? - Б.: 2003.



**Дуйшенов Э. Д., Жакыпов К. К.**

*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

*И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети*


УДК 530+371.3

## ЖАШ МУУНДАРДЫН БАЗАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН АБАЛЫН АНЫКТОО

Жаш муундардын базалык түшүнүктөрүн оптималдаштыруу үчүн алардын айлана-чөйрөдөн, үй-бүлө мүчөлөрү менен өз ара мамилелеринен, күндөлүк турмушка колдонуучу каражаттар ж.б. алынган түшүнүктөрү таяныч чекити кылып алынат.[1] Алардын таяныч чекиттерин аныктоодон мурда, бирдик, ондук, жүздүк системаларын толук өздөштүрүп, (Эл агартуу журналы №3,2011ж.) базалык сөздөрдүн көптүгүнүн сөздүгүн өздөштүрүү максатка ылайыктуу болот.[2]

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Ошондуктан бирдик системаны толук өздөштүргөн жаш муундар гана аны "негизги база" б. а. таяныч чекити кылып алып, ондук системага өтөт.

Алгач ондук системаны түзгөн (түшүнүктөргө) мисал келтирели. Алар эки тамгадан турган: ак, ат, ай, ал, аз, аш, үй, уй, ок, эт, уй, уз,ит,өт ж.б.көптүк сөздөр.

Ошондой эле жүздүк системадагы сөздөрдүн көптүгү, үч тамгадан түзүлгөн: чач, баш, мээ, көз, каш, тил, тиш, кол, бут,ата, апа, гүл, таш, тоо ж.б. сөздөрдүн көптүгү "жүздүк базасынын" системасын түзөт.

"Бирдик", "ондук", "жүздүк" системаларындагы түшүнүктөрдүн базасын түзүүнү мектеп жашына чейинки бөбөктөргө сунуштайбыз жана натыйжасы ийгиликтүү болоруна терең ишенебиз. Анткени бул система жаш муундарды чыгармачылыкка, тапкычтыкка, өз алдынча ой жүгүртүүгө, дүйнө таанымын байытууга жана бекемдөөгө, ыраатуулукка, үзгүлтүксүздүккө, логикалык талдоого, акырындык менен акыл-ой туюмун толуктоого жетелейт жана багыт берет. Дидактикалык-психологиялык багытта өзгөчө орунга ээ болот.

Таяныч чекиттердин же системанын толуктугун жана тереңдигин текшерүү процессинде убакытты үнөмдөө үчүн системанын ар бир элементин өздөштүрүүгө коюлган талаптар эске тутулуусун калыптандыруу үчүн атайын көргөзмө каражаттар пайдаланылат.

1. Адамдардын дене түзүлүшү жана анын органдары: чач, баш, мээ, каш, көз,бет, ооз, тиш, тил ж.б. Ушу сыяктуу эле мисалдарды жан-жаныбарлар, канаттуулар дүйнөсү багытында колдонсок, бөбөктөр алардын окшоштуктары боюнча түшүнүк алып, дүйнө таанымын кеңейтүүгө жол ачылат.

Таяныч түшүнүктөрүн текшерүүдө жана баалоодо системанын негизги структуралык элементтерин өздөштүрүүнү баалоонун атайын критерийлерин иштеп чыгабыз. Бул критерийдин негизинде жаш муундардын түшүнүктөрдү кабылдоосу төмөнкүдөй бааланат.

Түшүнүктөрдү баалоонун 5 баллдык системасында 5 баллды балдардан талап кылынган суроолордун санына бөлөбүз да анын тийиндиси жооп туура болгон санга көбөйтүлөт.

Мисал үчүн: адамдын дене-мүчүлөрүнө байланыштуу сурамжылоодо 7 суроо болуп, жеткинчек 4суроосуна туура жооп бере алган болсо, анда ал 3 балл алат б.а.: 5балл : 7сур. х 4т.ж. = 2,856 ~3

Мына ушундай эсептөөнүн негизинде түшүнүктөрдү өздөштүрүүнүн жыйынтыгы төмөнкүдөй бааланат:

"5" – туура жооп берилген 7 түшүнүк үчүн;
"4" – туура жооп 6-5 түшүнүк үчүн;
"3" - туура жооп 4 түшүнүк үчүн;
"2" - туура жооп 2 түшүнүк үчүн;
"1" - туура жооп 1 түшүнүк үчүн;
"0" - туура жооп 0.

Мындай текшерүү системасы, жаш жеткинчектердин түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүнө объективдүү баа берүүгө жардам берет.

Андыктан абсцисса огуна түшүнүктөрдү өздөштүрүүнүн балл менен алынган көрсөткүчү, ал эми ордината огуна бирдей балл алган балдардын санынын жалпы катышкан жеткинчектердин санына n болгон катышы жайгаштырылат.

Эксперимент жүргүзүлгөн учурда түшүнүктөрдүн бөлүштүрүлүш функциясы келип чыгат.

Бөлүштүрүш функциясын жана ыктымалдуулуктун бөлүштүрүлүшүнүн тыгыздыгын билип, түшүнүктөрдүн мүмкүн болгон маанилерин кандай жайланышарын жана алардын ыктымалдуулугун билип алууга болот.

Нормалдык бөлүштүрүү теңдемеси жөнөкөйлөнткөндө төмөнкүдөй туюнтулат:

$$Y = \frac{1}{2\pi} e^{-\frac{t^2}{2}} \quad (1)$$

(1). Теңдеме боюнча tнын ар кандай мааниси үчүн Y сан маанисин эсептеп алабыз.

Азыркы мезгилде эксперменттин иштешинин ыктымалдуулугу практикада колдонуунун тактыгынын проценттик катышы:

$\alpha = 68{,}3\%$; $\alpha = 95\%$, $\alpha = 99\%$ эсептелет.

Биз жаш жеткинчектердин түшүнүктөрдү өздөштүрүү системасынын математикалык ыкмасын өздөштүрүүдөбүз.

**Ар бир тарыхый этаптарда окутуунун өндүрүшүндө эки процесс эриш-аркак аракеттенет.**

**Биринчиси:** Бизди курчап турган чөйрөнү таанып-билүү;

**Экинчиси:** Аны окуп үйрөнүү.

Бул эки процесстин бири-бири менен байланышы барбы? Эгерде бар болсо биз аны эмнеден байкайбыз? Бул маселе дидактиканын негизги маселеси катары олуттуу көңүл бурууга муктаж.

Эмнеден баштообуз керек?

Педагогдор арасында дидактика маселесинде көп талаш-тартыштар бар. Анткени окутуу, таанып-билүү окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсү аркылуу ишке ашат. Ой жүгүртүүнүн мыйзам ченемдүүлүгү физиологиялык, психологиялык жөндөмдүүлүккө байланыштуу.

Ар бир илим тигил же бул кубулушту түшүндүрүү үчүн кубулуштун пайда болуу мүмкүнчүлүгүн изилдейт.

Анда окутуп-үйрөтүүдө мыйзам же мыйзам ченемдүүлүк барбы?

Окутуу – бул аң-сезимдүү максатка умтулуучу педагог менен окуучунун биргелешкен чыгармачылык аракети. Ал кандайдыр бир объективдүү мыйзамга баш ийеби? Баш ийсе анда окутуу предметин, илимий изилдөө процессин жөнгө салуу керек.


Окутуп-үйрөтүүнү ишке ашырууда дидактиктер гана катышпастан жекече предметти окутуу методу да катышат. Алардын изилдөө объектилери да бир.


Анда эмнеси менен айрымаланат? Методика менен дидактиканын айрымасы эмнеде? Аталган проблеманы чечүүдө көп муундагы дидактиктер эмгектенди. Эмесе аларга дагы бир ирээт кайрылалык.

**Коомдун өнүгүшүндө таанып-билүү жана окутуу**

Демек айлана-чөйрөнү таанып-билүү - бир жагы. Экинчиси: жаш муундарды окутуу. Эки процесстин ортосунда кандай карым-катнаш болуусу мүмкүн? Бир караганда бул байланыш эч кандай деле мааниге ээ болбогондой көрүнөт. Таанып-билүү – бул жаңы фактылар б.а. объективдүү дүйнөнүн мыйзамдары. Ал эми окутуу – бул адамдарды ага чейин алынып-топтолгон билим жана тажрыйба менен камсыздандыруу. Ошондуктан таанып билүү менен окутуунун ортосунда ички терең байланыш бар. Таанып-билүү – окутууга карата алгачкы баскыч. Окутууда өзүнүн мазмуну бар. Ал таанып-билүүнүн продуктусу. Билим берүү таанып-билүүнүн жыйынтыгы болуусу үчүн окутуунун мазмуну болуш керек. [3]

Схемада көрүнүп тургандай таанып-билүү менен окутуунун өз ара байланышы татаал.







КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ


Метод
Каражат
Формасы
Шарт
Текшерүү баасы
Окутуунун жыйынтыгы
Көнүмүш
Билим
Билгичтик
Тарбия
Даанышмандык
Билим сапатын баалоочу элементтер
Толуктугу, терендиги
Айкындуулугу жана терендиги
Сезимдүүлүгү жана бекемдиги
Ыкчамдуулугу жана ийкемдүүлүгү
Чогултуу жана жайылтуу
Мугалимдин технологиялык аракетинин түзүлүшү
Окутуунун милдетин, максатын аныктоо
Окутуунун көлөмүн аныктоо
Билим берүүнүн ырааттуулугу
Окутуунун принциптерин ишке ашыруу
Окутуу усулун тандоо жана колдонуу
Каражаттарды тандоо жана колдонуу
Окутууга шарт түзүү
Окуучунун окуу иштерин уюштуруу
Окуучулардын билимин текшерүү
Өздөштүрүүнүн жыйынтыгын баалоо

**Адабияттар:**

1. Э. Мамбетакунов "Методология и качество педагогических исследований" Бишкек 2006
2. Дуйшенов Э., Жакыпов К. "Мектеп жашына чейинки жаш муундарга кыргыз тилин үйрөтүүнүн усулдук ыкмасы " "Эл агартуу" журналы 2011ж №3 26бет.
3. Дуйшенов Э. "Реалдуулуктан объективдүүлүктүн призмасынан Ислам окуусуна өтүү" "Билим берүүнүн рухий-ыймандык дөөлөттөрү. Абалы жана келечеги". V илимий симпозиум Бишкек 2013ж. 174-бет.

**Думанаева М.Г.**

*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК.894.341-342**

## ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДА ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙЛОРДУН КАМТЫЛЫШЫ

Элибиздин басып өткөн жолун, тарыхын, үрп-адатын, салт-санаасын, этнографиясын, социологиялык өзгөчөлүктөрүн, философиясын, тили-дилин жалпы эле тагдырын изилдөөдө кыргыз элинин кыргыздыгын далилдеп, башка элдерден, улуттардан айырмалап турган, ага өзүнчөлүк касиет алып келген, анын түгөнбөс мурасы – элдик оозеки чыгармачылык.

Кыргыздар элдик оозеки чыгармачылыкка зор маани берип келишет, бул анын "Улуу сөз" деп аталышынан да көрүнүп турат. Бүткүл журттун болсун, ар бир жеке адамдын болсун кубанычы менен кайгысында, ийгилиги менен өкүнүчүндө, эмгеги менен жай турмушунда, бала менен чоңго, жаш менен карыга тиешеси бар бүткүл кыймыл, аракет, түшүнүк, мамиле өзүнө ылайык көркөм сөз үлгүлөрү менен коштолот.

Оозеки көркөм чыгармалар калкыбыздын рухий байлыгы, ата-бабаларыбыздын мыкты мурасы катары өз баркын дайым жоготпойт. Эгемендүүлүккө жетишип, өз мамлекетин түзүп, элибиз, коомубуз жаңыланып жаткан бүгүнкү шартта калкыбыздын кечээги басып өткөн ары улуу, ары татаал жолун элестүү чагылдырган, дүйнө, жаратылыш, коом жөнүндөгү философиялык көз караш түшүнүктөрүнөн кабар берген "Улуу сөздүн" материалдарынын жалпы калкка үлгү болорлук, жаштарга таалим-тарбия берерлик мааниси чоң. [3. 34-37].

Кыргыз фольклорунун өзүнчө маанилүү жана чоң түрүн дидактикалык чыгармалар түзөт. Дидактикалык чыгармалар негизинен таалим-тарбия берүү, насаат айтуу маанисинде болуп, алар макал-лакаптарды, табышмактарды, жаңылмачтарды, калптарды, накыл кептерди жана санат-насыят ырларын камтыйт.

Дидактикалык чыгармалардын өзөгүн түзгөн уюткусу – макал-лакаптар. Макал-лакаптар элдин тарыхын, турмушун, кыялын, салт-санаасын, үрп-адатын, күлкүсүн, кайгысын, башкача айтканда бүткүл өмүр-таржымалын, дүйнөгө болгон көз карашын туюндурат. [1. 11-12].

Макал-лакаптар жалпы элдин турмуш тажрыйбаларынын корутундусунан чыккан, мааниси терең, курч сөздүү кыска, ары нуска келип, тарбиясы дилге жетип, элдин элегинен, сыноосунан өтүп чыңалган, маани-маңызы көңүлгө уялап, жүрөктөн түнөк тапкан. Элибиз макалдарды кадырлап-кастарлап келген, сөздү барктай билишкен, күчкө жыгылбагандар кепке жыгылган, жалкоону жанга, сараңды санга кошпой, коркокту кор, баатырды зор кылып даңазалап көрсөткөн [2. 40-42].

Кыргыз эл макалдары туюндурган маанилерине карапа илимдин дээрлик бардык тармактарына (философия, физика, химия, астрономия, биология, анатомия, психология, этнопедагогика ж.б.) тиешелүү жаралгандыгы байкалат. Демек, биз, бул